Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна, Ж.Баласагын атандыгы Кыргыз улуттук университетине жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу Д.10.18.575 диссртациялык кеңештин эксперти филология илимдеринин доктору Мамбеталиев Кубан Ильясович 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген **Эшмамбетова Нурайым Мукамбетовнанын** “Өткөөл мезгилден кийинки кыргыз романдарында тарыхый чындыктын көркөм интерпретациялынышы” деген темадагы диссертациясына

**КОРУТУНДУСУ**

Эксперт Эшмамбетова Нурайым Мкамбетовна филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчун берилген “Өткөөл мезгилден кийинки кыргыз романдырында тарыхый чындыктын көркөм интерпретациялынышы” деген темадагы диссертациясын карап чыгып, төмөнкудөй чечимге келди:

1. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Иште 10.01.01 – кыргыз адабияты адистигинин паспортуна толугу менен жооп берүүчү проблемалар орун алган. Кыргыз адабиятындагы романдарында тарыхый чындыктын көркөм интерпретацияланышы өз алдынча изилденди. “Тарыхый чындык” менен “көркөм чындык” деген түшүнүктөрдүн байланыштары жана айырмачылыгы талдоого алынды.

2. **Иштин максаты катары** кыргыз адабияттын өнүгүү процессинде тарыхый чындыктын көркөм интерпретацияланышы бирдиктүү концепция катары аныктап, бул багыттагы изилдөөнүн зарыл экендигин көрсөтүп, интерпретациянын таржымалын романдардын тексттери менен мисалдап белгилеп берүү аракети эсептелинет.

Коюлган максат **төмөнкү милдеттер** аткаруу чечилген:

1. Совет доордо жана эгемендикте улуттук адабият таануу илимде

тарыхый чындык кандай деңгелде көркөм интерпретация болгонун изилдеген эмгектерди аныктоо.

2. Кыргыз адабиятында совет доорго чейин тарыхый чындыкты көркөм

Андаштыруунун пайда болгонун жана калыпталганын жана совет доорунда бул процесс көзөмөлгө алынганы менен оң-терс жактарын көрсөтүү.

3. Эгеменден кийин жарыкка чыккан кыргыз романдарында тарыхый

чындыкты интерпретациялоодогу эволюция процессин иликтөө.

4. Эгеменден кийин кыргыз адабиятында тарыхый чындыкты берүү



ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ ИМ. Ч. АЙТМАТОВА НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Вход. № 173/06
«13» 01 2022 г.

аркылуу азыркы тарыхый роман жанрынын өзгөчөлүгүн көрсөтүү.

5. Азыркы кыргыз романдарындагы автордун көркөм ой жүгүртүү боюнча чеберчиликтин өнүгүшүн көрсөтүп, Тарыхый чындыкты интерпретациялоодогу көркөм дөөлөттү тастыктоо.

**Коюлган милдеттерге (милдеттерге жетүүнүн этаптары, каражаттары жана методдору ж.б.у.с) ылайык мүмкүнчүлүгүн баалоо:**

Диссертант кыргыз адабиятындагы романдарды өздөштүрүп, буларды бир типологиялык системага келтирип, илимий анализден өткөрдү. Ой жүгүртүүсү эркин, талдоолору татыктуу. Изилдөө кылдаттык менен жүргүзүлдү. Бул диссертацияда салыштырма-тарыхый жана салыштырма-типологиялык методдор колдонду. Изилдөөгө алынган объектиси илимий иштин максат жана милдеттерине туура келди деп айтсак болот.

**Диссертациянын изилдөө объектисинин диссертациянын максат жана милдеттерине ылайык келиши:**

Иштин негизги объектиси катары кыргыз адабиятындагы роман жанрындагы чыгармалары так көрсөтүлүп, илимий иштин жүрүшүндө диссертанттын жогоруда белгиленген максаты жана милдеттери бул диссертациянын изилдөөнүн объектисине толугу менен ылайык келет.

**Изилдөө методдорунун диссертациянын милдеттерине (заманбап аппараттарды колдонуу, лабораториялардын сертификатторынын, адекваттуу статистикалык иштеп чыгуулардын болушу), ар бир милдети боюнча ылайык келиши:**

Диссертант беш пунктан турган милдеттердин ар бирине адабият таанунун салыштырма-тарыхый, салыштырма-типологиялык методдорун колдонуу менен илимий талдоо жүргүзүп, далилдүү жыйынтыктарды чыгарууга аракет кылды. Романдар улуттук адабияттын контекстинде каралды, совет доорунда жазылган чыгармалар эгемен доордо жазылгандар менен салыштырып каралды.

**Диссертациянын темасыны актуалдуулугу**

Доордун алмашуусу эски түшүнүктөрдү өзгөрттү. Совет доорундагы коммунисттик моралдын критерийлери жокко чыкты. Улуттук адабий-көркөм мурастары жаңыча көз караштагы мамиле кылууну мажбурлады жана “оң каарман” деген тушүнүктүн мазмундук жагын өзгөртүүгө негиз берди.

Диссертацияда коюлган милдеттердин ар бирин чечүү боюнча зарылдыгын негиздөө үчүн илимий булактардагы маалыматтарга профессионалдык деңгелде анализ берилди.

Жогоруда айтылгандардын негизинде изденүүчү тарабынан жүргүзүлгөн илимий изилдөө актуалдуу жана өз убактысында аткарылды деп корутундулоого болот.

**3. Илимий натыйжалар**

Бул илимий иште филология илимдеринин өнүгүшү үчүн бир кыйла маниге ээ болгон төмөндөгүдөй илимий негизделген жаңы теориялык натыйжалар келтирилген. Тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоо

проблемасы эгеменден кийинки кыргыз романдарынын мисалында ушундай деңгелдеги изилдөөгө биринчи жолу колго алынды.

1. Аталган поблема боюнча романдардын мисалында алгач ирет анализ жасалды жана оң менен терс жактарыны ачыкталды.

2. Эгеменден кийин тарыхый чындыкты роман жанрындагы көркөм интерпрентациясы көп түрдү болуп, жазуучулардын чеберчилиги жанрдын табиятын тузүүгө маанилүү роль ойной турганы көрсөтүлдү.

3. Тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоо руханий-эстетикалык жана атуулдук-мекенчилдик тушүнүктөрдү чагылдыруу чеберчилигинин негизги булагы экендиги диссертацияда белгиленди.

Конкретүү чыгармалардын талдоосунан чыккан илимий тыянактар натыйжалуу болду жана ишенимдүү түрдө жазылды. Илимий жыйынтыктар аргументтер менен берилди. Буга чйин берилбеген баа орун алды.

Эшмамбетова Нурайым Мукамбетовнанын эмгеги азыркы учурда колдонулган методдорду жана иликтөөнүң каражаттарын эске алынып жазылды. Теориялык ой-толгоолору азыркы кыргыз адабият таануусуна кошулган салым катары эсептесек болот.

Диссертацияда улуттук адабият таануу үчүн орчундуу мааниге ээ болгон төмөнкүдөй квалификациялык белгилер бар:

1) Бүгүнкү илимдин талабына ылайык маселелер коюлду.
2) Диссертациянын жыйынтыктары жаңы.
3) Жыйынтыктары адабият таануу үчүн керектүү.
4) Диссертация адабит таануунун багыттарына туура келет.
5) Жыйынтыктары адабият илиминде кеңири колдонулат.

**1. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү:**

- Орто мектептерде жана жогорку окуу жайларда бул автордун прозасы боюнча факультатив сабактарды окууса болот;
- Диссертациянын материалдары боюнча студенттерге окуу китепти, окуу куралды жазып чыгарууга муктаждык бар;
- Студенттерге, аспирантарга, магистрантарга бул илимий иштин негизинде спецсеминарларды уюштурса пайдасы тиет.

**Диссертациянын материалдары документтерде, материалдарда жана иштелмелерде колдонду. Ишти мазмуну төмөнкү эмгектерде чагылдырылды:**

1. **Эшмамбетова, Н.М.** Эрнист Турсуновдун романдарын изилдөө маселесине таандык методологиялык принциптер [Текст] / Н.М. Эшмамбетова // БГУ Жарчысы. №3(26). – 2013. – 234-237-б.
https://www.elibrary.ru/download/elibrary_44881956_87637307.pdf

2. **Эшмамбетова, Н.М.** Эрнист Турсуновдун романдарын кыргыз романдарынын контекстинде анализдөө зарылдыгы [Текст] / Н.М. Эшмамбетова // БГУ Жарчысы. №1(27). – 2014. – 233-236-б.
https://www.elibrary.ru/download/elibrary_44765802_42589242.pdf

3. **Эшмамбетова, Н.М.** Кыргыз романдарында тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоонун эволюциясы [Текст] / Н.М. Эшмамбетова //

Материалы 3 традиционной научно-практической интернет-конференции «Актуальные проблемы профессионального обучения в условиях новой формации» Туркестан. №1(27). – Москва. – 2015. – 478-483-б.

4. **Эшмамбетова, Н.М.** Кыргыз романында тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоону эгемендүүлүктөн кийин изилдөөнүн методологиялык принциптери [Текст] / Н.М.Эшмамбетова // Кыргыз тили жана адабияты. №29. – 2016. – 92-94-б.

5. **Эшмамбетова, Н.М.** Кыргыз романында тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоо проблемасынын совет доорунда жана эгемендүүлүктөн кийин изилдениш абалы [Текст] / Н.М.Эшмамбетова // БГУ Жарчысы. №3-4(27). – 2016. – 151-154-б.
https://www.elibrary.ru/download/elibrary_44731218_38879983.pdf

6. **Эшмамбетова, Н.М.** Исследование исторических романов в кыргызском литературоведении после обретения Кыргызстаном независимости [Текст] / Н.М. Эшмамбетова // Научная дискуссия: Вопросы филологии, искусствоведения и культурологии: Сб. ст. по матералам VI Международной научно-практической конференции "Научная дискуссия: вопросы филологии, искусствоведения и культурологии". №1 (52). – 2017. –
С. 56-62. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=28117390

7. **Эшмамбетова, Н.М.** Кыргыз романдарында тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоонун калыптануу жолдору [Текст] / Н.М.Эшмамбетова // БГУ Жарчысы. №4(46). – 2018. – 133-136-б.
https://www.elibrary.ru/download/elibrary_44731218_49917123.pdf

8. **Эшмамбетова, Н.М.** Тарыхый романдарда улуттук тарыхтын ордун аныктоодо көркөм интерпретациялоонун ролу [Текст] / Н.М. Эшмамбетова // БГУ Жарчысы. №4(46). – 2018. – 140-143 б.
https://www.elibrary.ru/download/elibrary_44612618_23788888.pdf

9. **Эшмамбетова, Н.М.** Т.Сыдыкбековдун «Көк асаба» романында тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоонун ролу [Текст] / Н.М.Эшмамбетова // Известия ВУЗов Кыргызстана. №11. – 2018. – 157-161-б.
https://www.elibrary.ru/download/elibrary_45652224_17048776.pdf

10. **Эшмамбетова, Н.М.** Тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоо жана аны изилдөөнүн айрым маселелери [Текст] / Н.М.Эшмамбетова // Известия ВУЗов Кыргызстана. №11. – 2018. – 162-165-б.
https://www.elibrary.ru/download/elibrary_45652224_17048776.pdf

11. **Эшмамбетова, Н.М.** Кыргыз романдарында тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоонун алгачкы саамалыктары [Текст] / Н.М.Эшмамбетова // Известия ВУЗов Кыргызстана. №12. – 2019. – 177-181-б.
https://www.elibrary.ru/download/elibrary_45652224_17048776.pdf

12. **Эшмамбетова, Н.М.** А.Стамовдун «Хан Тейиш» романында калмак доорунун көркөм интерпретацияланышы [Текст] / Н.М. Эшмамбетова // Известия ВУЗов Кыргызстана. №12. – 2019. – 182-186.
https://www.elibrary.ru/download/elibrary_45652225_32429635.pdf

13. **Эшмамбетова, Н.М.** Концептуальные взгляды в кыргызском литературоведении к художественной интерпретации исторической реальности и

определению ее роли [Текст] / Н.М.Эшмамбетова // Вопросы гуманитарных наук №5(110) – 2020. – с.24-28.

https://www.elibrary.ru/item.asp?id=44148143

14. Эшмамбетова Н.М. Поиски художественной интерпретации исторической эпохи в романах переходного времени [Текст] / Н.М.Эшмамбетова // Вопросы гуманитарных наук. №5(110). – 2020. – с. 29-33.

https://www.elibrary.ru/item.asp?id=44148144

Кандидаттык диссертацияда алынган илимий натыйжалар төмөнкүлөрдө ишке ашырылды:

Диссертациянын материалдары төмөнкү нерселерден топтолду – Кыргыз романдарынын текстеринен, адабий сынчылардын макалаларынан, изилдөөчүлөрдүн эмгектеринен.

**2. Автореферaттын диссртациянын мазмунуна дал келиши**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган

изилдөөнүн максат жана милдеттерине дал келет. Диссертант автордун көркөм дүйнөсүн илимий анализге алып, роман жанрында жазылган чыгармаларды типологиялык системага келтирип жана классификациялап объективдүү түрдө баа берди. Романдардын жаңычылдыгын конкретүү мисалдар менен көрсөтүп, артыкчылык менен кемтиктерин аныктап чыкты.

**3. Айрым мүчүлүштүктөр:**

Диссертация принципиалдуу түрдөгү кемчиликтер жок. Анча мынча

каталары бар, бирок муну "иш жүзүндө" (в рабочем порядке) тартипке келтирсе болот. Мүчүлүштүктөр мындай.

1. Киришүү бөлүмүндө "теманын актуалдуулугу" деген жери бир аз "чоюлуп" калыптыр, муну иретке келтириш керек. Окумуштуулардын тизмесин да "корректно" кылып жазыш керек. Бул бөлумдө ашык сөздөр болуга мумкүн эмес, ток этер жерин берилет.
2. Титульный лист менен "Мазмуну" деген барактарды стандарттын талаптарына ылайыкташ керек. Параграфтын тушуна цифра берилет.
3. Тексттин ичине библиографияларды бериптир – 54, 98, 105, 127, 130, 144, 145 барактарда. Бул мындай жерге ылайыксыз.
4. Диссертацияда абзацтары жок түрдө төрт барак катары менен берилген жери бар экен (13-134 б.), үч барак катары менен (135-137 б.), эки барак катары менен (161-162, 174-175, 177-178 б.). Ошондой эле бир барак бир абзац болгон жерлери көп - 42-чи барактан башталып аягына чейин карап чыгыш керек.
5. Диссертант жазган В.Жирмунскийдин "Теория литературы" деген эмгеги жок, бул китеп "Теория стиха" деп аталат.

**7. Сунуштар. Жетектөөчү уюмду, расмий оппоненттерди даярдоо жөнүндө сунуштун негиздүүлүгү.** Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы бул кандидаттык диссертация боюнча **жетектөөчү уюм** катары 10.01.01-кыргыз адабияты адистиги боюнча илимий адистиги бар

К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университеттинин Манастаануу жана кыргыз адабияты кафедрасын бекитүүнү сунуш кылат.

**Биринчи расмий оппонент** катары изилдөөнүн проблемасына жакын эмгектери бар (Чынгыз Айтматов в контексте исследования проблемы «художник и мыслитель». - Международный журнал прикладных и фундаментальных исследований. - № 4. – 2016. – часть 5. – с. 1024-1027; Кыргызское восстание 1916 года (об отчетах и оценках трагического слобытия). - Международный журнал прикладных и фундаментальных исследовани. - № 4. – 2016. – часть 5. – с. 1015-1019.; О художественном переводе кыргызских произведений на русский язык (анализ текстов). - Международный журнал прикладных и фундаментальных исследований. - № 5. – 2017. – ч. 1. – с. 154-158.; Кыргызская акынская поэзия в досоветскую эпоху. – Международный журнал прикладных и фундаментальных исследований. – № 5. – 2017. – часть 1. – с. 159-163.) филология илимдеринин доктору **Мамбеталиев Кубан Ильясовичти,** экинчи расмий оппонент катары адистикке тиешелүү эмгектери (Исследование кыргызской литературы XX века на аксиологической основе //«Восточные языки в современном мире: актуальные проблемы и тенденции развития». Материалы Международной научно- практической конференции. 10 апреля 2015 г. - Алматы: Абай атындагы КазУПУ-дыц «Улагат» баспасы, 2015. - С. 208-212.; Историко-культурное значение кыргызской прозы и поэзии XX века//«Восточные языки в современном мире: актуальные проблемы и тенденции развития». Материалы Международной научно-практической конференции. 10 апреля 2015 г. - Алматы: Абай атындагы КазУПУ-дыц «Улагат» баспасы, 2015. - С. 249-253.; XX кылымдагы кыргыз прозасы менен поэзиясынын изилдениши жана аны аксиологиялык вцутте талдоонун негиздери// “Манастан Чыцгыз Айтматовго карай: проблемалар жана коз караштар” эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары, 15-январь, 2016. - Бишкек, Кыргызстан. - 198-204- б.) бар филология илимдеринин доктору, доцент **Жантаев Адилбек Сүйүндүковичти** сунуш кылабыз.

**8. Сунуштамалар.** Диссертация өзүнчө монография катары жарык көрүүгө татыктуу**.** Диссертациянын негизинде окуу курал жазыш керек.

**9. Корутунду.** Эгемен доорунда жазылган роман жанрындагы чыгармалары бул эмгекте алгач ирет темада аталган багытта илимий иликтөөдөн өткөрүлдү. “Көркөм интерпретация” деген проблеманын өзгөчөлүгү аныкталып, ушул контекстте жетишкендиктер менен кемчиликтер белгиленди. Бул илимий иштин теориялык деңгели жетиштүү жана мунун практикалык мааниси бар.

**10. Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылынган документтерди карап чыгып,** КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети менен К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу илимдин доктору (кандидты) окумуштуулук даражасын коргоо үчүн

түзүлгөн Д 10.20.616 диссертациялык кеңешине 10.01 – кыргыз адабияты адистиг боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **Эшмамбетова Нурайым Мукамбетовнанын “Өткөөл мезгилден кийинки кыргыз романдарында тарыхый чындыктын көркөм интерпретацияланышы”** деген темадагы

**Эксперттик топтун мүчөсү,**
**филология илимдеринин доктору** **Мамбеталиев К.И.**

*Эксперттин топтун мүчөсүнүн колун тастыктаймын*

**Д 10.20.616 Диссертациялык кеңешинин**
**окумуштуу катчысы, ф.и.к.** **Ыйсаева Н.**